УДК: 94(094.77)

**Осмонов Өскөн Жусупбекович**
т.и. д., КР УИАнын корреспондент мүчөсү,
К.И. Скрябин атындагы КУАКнун тарых жана философия кафед. башчысы
**Омурзакова Турсунай Омурзаковна**
т.и.д., ОшМУнун
Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун директору

**Осмонов Оскон Жусупбекович**
доктор ист.наук., член-корреспондент Национальной академии наук
Кыргызской Республики
заведующий кафедрой истории и философии Государственного университета
им. К.И. Скрябина
**Омурзакова Турсунай Омурзаковна**
доктор ист.наук., директор Института гуманитарных и региональных исследований
Ошского государственного университета

**Osmonov Oskon Zhusupbekovich**
Doctor of Historical Sciences, Corresponding Member of the National Academy
of Sciences of the Kyrgyz Republic
Head of the Department of History and Philosophy of the K.I. Scriabin State University
**Omurzakova Tursunai Omurzakovna**
Doctor of Historical Sciences, Director of the Institute
of Humanities and Regional Studies at Osh State University

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТАРЫХЫ АЗЫРКЫ ИЗИЛДӨӨЛӨРДӨ
## (Кокон хандыгынын мисалында)

# ИСТОРИЯ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В СОВРЕМЕННЫХ ИССЛЕДОВАНИЯХ
## (На примере Коконского ханства)

# THE HISTORY OF THE FERGANA VALLEY IN MODERN RESEARCH
## (Based on the Kokon Khanate)

**Аннотация.** Макала Кокон хандыгынын тарыхына жаңы көз караш менен изилдөөгө арналган. Кокон хандыгы 167 жыл жашап (1709 – 1876), XIX кылымда аймактык державага айланган. Анын курамына азыркы Өзбекстан, Кыргызстан, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Казахстан, Тажикстандын түндүк тарабы кирген. Совет доорунда жарык көргөн илимий изилдөөлөрдө "марксисттик-лениндик багытты катуу сактоо", "улутчулдук тенденциялык көрүнүштөргө жана тарыхый инсандарга баа берүүдө идеалдаштырууга жол бербөө" талабы коюлган.

Макалада хандыктын тарыхы жаңы нарративдик жана архивдик булактарга негизденип, жаңы илимий көз караште изилденген.

**Негизги сөздөр:** Кокон хандыгы, марксисттик-лениндик багыт, улутчулдук тенденция, Фергана өрөөнү, методология, О. Шпенглер, Ф. Бродель, А. Тойнби, Н.Я. Данилевский, Л.Н. Гумилев, Зиябидин Максым.

**Аннотация.** Статья посвящена переосмыслению истории Кокандского ханства. Кокандское ханство просуществовало 167 лет ((1709 – 1876) и в середине XIX веке превратилась в локальную державу. В его состав входили современный Узбекстан, Кыргызстан, Юго-Восточ-

ная сторона Казахстана и север Тажикстана. В годы Советской власти в научных исследованиях ставилась требование: "строго соблюдать марксистско-ленинский подход", "не допускать националистических тенденций и не идеализировать исторических личностей".
В статье история ханства исследуется на основе новых нарративных и архивных источников и дается новый научный взгляд.
**Ключевые слова:** Кокандское ханство, марксистско-ленинский подход, национальная тенденция, Ферганская долина, методология, О. Шпенглер, Ф. Бродель, А. Тойнби, Н.Я. Данилевский, Л.Н. Гумилев, Зиябидин Максым.

**Annotation.** The article is devoted to rethinking the history of the Kokand Khanate. The Kokand Khanate existed for 167 years (1709-1876) and in the middle of the 19th century it turned into a local power. It consisted of modern Uzbekistan, Kyrgyzstan, the Southeastern side of Kazakhstan and the north of Tajikistan. During the years of Soviet power, scientific research demanded: "strictly observe the Marxist-Leninist approach," "avoid nationalist tendencies and do not idealize historical figures."
The article examines the history of the Khanate on the basis of new narrative and archival sources and provides a new scientific perspective.
**Keywords:** Kokand Khanate, Marxist-Leninist approach, national environment, Ferghana Valley, methodology, O. Spengler, F. Braudel, A. Toynbee, N.Ya. Danilevsky, L.N. Gumilev, Ziyabidin Maksim.

Совет доорунда тарых идеологиянын куралына айланган, мында саясат тарыхтан жогору коюлуп, саясий кызыкчылыктарга багындырылган. Натыйжада коомдо бурмаланган, тарыхка калпыс аң-сезим калыптанып, тарыхчылардын эмгектери шовинисттик идеологиянын гана кызматын аткарып, даяр социологиялык схема менен иштеп келишкен.

СССР кулагандан кийин кыргыз элинин эгемендикке ээ болушу Ата мекенибиздин тарыхы жөнүндөгү тарыхый чындыкты изилдөөгө жол ачты. Натыйжада тарых бүктөмүндө калып келген көптөгөн тактала элек маалыматтар, тарыхый маселелер илимий изилдөөнүн күн тартибине коюлду. Өнүгүүнүн динамикасы улуттук тарыхыбызды мурдагыдай үзүп-кыскартпай, бурмалабай толук изилдөө, көмүскөдө калган «ак тактарын» толтуруу мезгилдин зарылдыгы экендигин шарттады.

Кыргызстандын тарыхын Борбордук Азияда жашаган элдер менен болгон тарыхый-маданий байланыштын чегинен сырткары, улуттук аймактын алкагында гана караоого болбойт. Совет бийлиги тарабынан Орто Азияны улуттук аймактарга бөлгөнгө чейин аймакта этностор ортосунда саясий-административдик чек ара болгон эмес. Борбордук Азиядагы республикалар ортосундагы улуттук мамилелердеги, чек ара маселесиндеги проблемалардын актуалдуулугу улуттук тарыхка болгон кызыгууну жаңы деңгээлге көтөрдү. Ушундай шартта 167 жыл жашап (1709 – 1876-жж.) Орто Азия элдеринин тарыхый тагдырында чоң роль ойногон Кокон хандыгынын тарыхын терең изилдөө маселеси күн тартибине коюлду.

Кокон хандыгы Борбордук Азиядагы кеңири территорияны көзөмөлгө алып, XIX к. орто ченинде аймактык державага айланган, Кокон хандыгына – азыркы Өзбекстан, Кыргызстан, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Казахстан, Тажикстандын тоолуу аймактары кирген. Бул аймакта Кокон хандыгы жигердүү тышкы саясат жүргүзүп, хандыктын курамындагы элдердин тарыхында терең из калтырган. Ошондой эле Кокон хандыгы XIX к. Памирде жана Чыгыш Түркстанда да таасирдүү роль ойногон.

Совет доорунда жарык көргөн илимий изилдөөлөрдө "марксисттик-лениндик багытты катуу сактоо", "улутчулдук тенденциялык көрүнүштөргө жана тарыхый инсандарга баа берүүдө идеалаштырууга жол бербөө" талабы коюлган. Кыргыз-кокон тарыхын изилдөөдө марксизм-ленинизм классиктеринин теориялык жоболору методологиялык негиз катары кызмат кылып, анда феодалдардын, байлардын, манаптардын ишмердүүлүгү элдерди эзүүгө жана бөлүп-жарууга багытталгандыгы белгиленип, таптык көз караште баа берилген.

Кокон хандыгынын борбордук бөлүгү Фергана өрөөнүнүн азыркы Өзбекстанга кирген аймактарында жайгашкандыктан, ал

өзбек элинин хандыгы болуп саналат деген бир жактуу көз караш тарых илиминде бекем орун алгандыгы маалым. Ошондуктан бул түшүнүктү далилдүү фактылардын негизинде Кокон хандыгы өзбек жана тажик элдерине гана эмес, кыргыз элине да таандык – орток мамлекет болгондугун илимий концепцияга киргизүү зарыл.

Илимий изилдөөлөр методологиялык негиздерге таянат. Адамзаттын тарыхы, коом дук өнүгүүсү динамикалуу жана татаал процесс болгондуктан, анын пайда болуу тарыхын жана өнүгүү процессин аңдоо түрдүү багыттардын, теориялардын пайда болуусуна алып келген. Советтик доордо үстөмдүк кылган марксисттик теорияга ылайык тарыхый процессти изилдөөнүн бирдиктүү методологиясы таңууланган.

XIX-XX кк. чегинде батышта тарыхый процессти локалдык цивилизациялардын айлампасы катары караган методология кеңири жайылган. Бул теорияга ылайык адамзат коо мунун өнүгүүсү өз алдынча өнүккөн цивилизациялардын социалдык системасынын жыйындысы болуп саналат.

Локалдык цивилизация теориясынын өкүлдөрү катары О. Шпенглер, Ф. Бродель, А. Тойнби, Н.Я. Данилевский, Л.Н. Гумилев ж.б. эсептелет. Германиялык философ, культуролог О. Шпенглер ар бир маданият бири-бирине байланышпаган тирүү организм сыяктуу "жаралуу, калыптануу, жок болуу" процессин башынан өткөрөт деп белгилесе, англиялык тарыхчы А.Тойнби адамзаттын тарыхын өнүгүүнүн бирдиктүү ички схемасы бар бир нече локалдык цивилизацияларга бөлүп, тарыхый процесстеги жалпы закон ченемдүүлүгүн ачып, цивилизациялар бири-биринен көз карандысыз жашаса да, баары бирдей баскычты "пайда болуу, гүлдөп өнүгүү жана кыйроону" басып өтүшөт жана тарыхты бир түргө келтирүү (унификация) фактыларды бурмалоого алып келерин жазган.

Тарыхты өткөн чак, учур чак жана келечек – үч биримдиктин контекстинде карасак, хандыктын тарыхы учурдагы Орто Азияда жайгашкан эгемендүү республикалардын мурдагы 200-300 жылдык тарыхын терең аңдап билүүгө жана азыркы жүрүп жаткан түрдүү коомдук процесстердин түпкү себебин түшүнүүгө жол ачат. Белгилеп кетчү жагдай, советтик мезгилде идеологиялык басымга дуушар болгон жана дээрлик рамканын ичинде ой-жүгүртүүгө мажбур болгон методологиялык көз караште изилденген Кокон хандыгына тиешелүү көптөгөн темаларды жаңы көз караш менен жаңы өңүттөн изилдөө да мезгил талабы. Анткени баарыбызга белгилүү болгондой, совет доорунда жарык көргөн эмгектердин көпчүлүгү "марксисттик-лениндик, таптык жана коммунисттик көз караштагы методологияга жана тарыхый материализм идеологиясына негизденип" жазылган, тарыхый окуяларга баа берүүдө "таптык, партиялык багытты катуу сактоо, тарыхый процесстеги марксисттик-лениндик концепциядан артка чегинбөө" талаптары коюлган. Илимий изилдөөлөр "улутчулдук тенденциялык көрүнүштөргө жана тарыхый инсандарга баа берүүдө жалпы идеялаштыруудагы катачылыктарга жол бербөө" багытын карманган, тарыхый окуяларга баа берүүдө таптык жана партиялык жолду бекем сактап, чыгарылган жыйынтыктарды акыркы чындык катары жетекчиликке алган.

Эгемендик эйфориянын шартында улуттук тарыхка болгон кызыгуу күчөгөндүгү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок ааламдашуу доорунда өлкөнүн тарыхын дүйнөлүк тарыхый процесстен сырткары, улуттук территориянын чегинде гана кароого мүмкүн эмес. Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхын жалпы адамзаттын тарыхынын органикалык бир бөлүгү катары *изилдөө мезгил талабы.* Учурда коомдук аң-сезимди бийликтин кызыкчылыгына жана расмий идеологиялык концепцияларга баш ийдирүү мезгили артта калып, ой-жүгүртүүнүн, көз караштардын көп түрдүүлүгү (плюрализм) жанаша жашап, өткөн доорлор жөнүндөгү түшүнүк сапаттуу көрүнүшкө ээ болду. Ата мекендик тарыхнаамага коюлган талап дүйнөлүк масштабда болуп жаткан глобалдык процесстерди гана эмес, совет доорунда партиялык функционерлердин буйругу менен кыраакы цензуранын элегинен өткөрүп жазылган эмгектерди, Кыргызстан тарыхынын «ак тактарын» кайрадан карап чыгып, талдоо мезгилдин талабы.

Ошондой эле советтик жана кыргыз тарыхнаамасында көңүлгө алынбай келген темалардын бири бул *инсан таануу* багыты болгон. Дүйнөдө тарыхый тагдыры жеке инсандарга байланышпаган бир да эл жок. Адамзат аң-сезимдүү доорго киргенден

баштап элге, ата-мекенге кызмат кылууну өзүнүн адамдык парзы катары караган, эл тагдырына өзүн жоопкер сезген инсандар бардык доорлордо болгон. Ошондуктан, Кокон хандыгында мамлекеттик, саясий, коомдук, чарбалык ишмердиктери менен түрдүү булактарда жазылып, эл арасында айтылып калган жеке инсандардын хандыктагы ролун изилдөө, объективдүү баа берүү да мезгил талабыболуп саналат.

**«Фаргана хандарынын тарыхы» - тарыхый булак катары**" деп аталган Кокон хандыгынын тарыхы жана андагы кыргыз төбөлдөрүнүн ролу боюнча өзгөчө орунду ээлеген эмгек талдоого алынды. Кокон хандыгынын тарыхына байланышкан көлөмдүү кол жазма эски чагатай тилинде жазылып, эмгектин автору Зиябидин Максым кыргыз болгон. «Фаргана хандарынын тарыхы» 833 барактан же 1666 беттен турат. Кол жазма мурдагы жергиликтүү авторлор жазган кол жазмаларга салыштырмалуу көлөмдүү жана узак убакытты камтыйт. Мазмуну жагынан атайын тапшырма менен жазылган эмгектер сыяктуу эле хандарды артыкча мактоолор, тавтологиялар, ошол эле учурда мурда кезикпеген жаңы маалыматтар хандыктын тарыхын толуктагандыгын айтууга болот. Эң негизиси, бул кол жазманын Кокон хандыгы жоюлгандан кийин да тагдыры уланып, автор Түркиядан келген Абдурахим эфендиге кол жазманы 1882-ж. тапшырган. Эмгекте Кудаяр хандын өмүрүнүн акыркы мезгили баяндалган. Кол жазмада Кокон мамлекетинин хандарынын, элинин тарыхы, согуштук өнөрү, элдин жашоо-тиричилиги, каада-салты, үрп-адаттары, маданияты, чарбасы жөнүндө чагылдырылган бай маалыматтар камтылган. Нүсүп миң башы, Алымбек датка жана Шералы хан, Кудаяр хан ж.б. тарыхый инсандар жөнүндө да жаңы маалыматтар кезигет. Ошентип, өз доорундагы билимдүү адам катары хандыктын иш-кагаздарын тейлеген З. Максымдын Кокон хандыгы жана кыргыздар жөнүндө жазган "Фаргана хандарынын тарыхы" аттуу эмгеги Кокон тарыхы жана кыргыздар үчүн олуттуу тарыхый булак болуп саналат.

**Кокон хандыгынын мамлекет катары калыптанышы, башкаруу түзүмү, этностук курамын** изилдөөдө Кокон хандыгынын саясий тарыхы каралган, хандыктын мамлекет катары калыптанышы, өнүгүү этаптары изилденген. Кокон ээлиги түптөлгөндөн баштап бир кылымга жакын убакыт мамлекеттүүлүктүн статусуна жооп берген атрибуттары, так белгиленген чек ара, борбордук бийликтин бардык аймактарга бирдей таасири, эл аралык таануу, мамлекеттин пайда болгондугу жөнүндөгү белгиленген дата кезикпегендиги, натыйжада хандыктын түптөлүүсү узак жылдарга созулган татаал процесс болгондугу белгиленет.

Нарративдик булактарда түптөлгөндөн баштап эле бийлик үчүн күрөш ич ара миңдердин ортосунда жүргөндүгү, натыйжада Шахрух бийдин атасы менен бир тууганынын ортосундагы бийлик талашуу жашы жете элек Шахрукту «ак кийизге отургузуп», 1709-ж. бийликке алып келгендиги, миңдерде регенттик институту (жашы жете элек өспүрүмдүн ордуна башкаруу) алгачкы түптөлүү мезгилинде эле башталгандыгы көрсөтүлөт. Бир туугандар жана уруулар ортосундагы кандуу чыр-чатактар, кландар ортосундагы тынымсыз күрөш жана регенттик башкаруу Кокон хандыгынын тарыхында мыйзамдуу көрүнүшкө айланган. Ошондой эле бул бөлүмдө Шахрук бийдин урпактарынын бийликти бекемдеп, ээликтерин кеңейтүүгө кылган аракеттери баяндалат. Шахрук бийдин мураскери Абду-Рахим бий атасы баштаган кеңири масштабдагы курулуш иштерин улантып, Коконду жаңы бийликтин борборуна (калаага) айландырган, ал жер "Рахим бийдин калаасы" деп аталган. Кокон ээлигинин экономикалык жана саясий жактан өз алдынчалыкка ээ болгон мезгили калаанын - борбордун пайда болуусу Абду-Рахим бийдин аты менен байланыштуу болуп, 1740-ж. чейин "Эски коргон" деп аталган. Агасын өлтүрүп бийликке келген Коженттин башкаруучусу Абдал – Керим бий (1734/35–1750/1751) Кокондун айланасын коргон менен тостуруп, эски ордону жаңы коргонго көчүргөнү баяндалган.

1751-ж. Абдал – Керим бий каза болгондон кийин чоң уулу катары бийлик талашкан Бабабекти жунгарлардын таасири менен такка олтургузушкан. Бирок арадан бир жыл өтө электе Оро - Төбөгө болгон жүрүштүн учурунда кутум уюштурушуп, Бабабекти өлтүрүп, 1752-ж. Абду-Рахим бийдин баласы Ирдана бийликке келген. Ал башкарган жылдарда (1752–1769) хандыктын аймагына Анжиян, Наманган, Маргалаң кошулган. 1758-ж. Ирда-

наны Бухарада көз каранды эмес мамлекеттин башчысы катары кабыл алышкан.

Ирдана бий 1769-ж. каза болгондон кийин бийликке келген Абду-Рахман бийдин баласы Нарбото өзүн «хан» деп атоого батынган эмес, болгону «бий» «аталык» деген титулдарды колдонгон. Ушуга байланыштуу изилдөөдө ал учурда пикир келишпей өз-ара чырдашкан, моралдык жактан алсыз миңдердин хан болуу максаты "түйүлдүк" абалында болсо керек деген тыянак чыгарылат. Изилдөөдө көрсөткөндөй, Нарботонун баласы Алимхан башкарган жылдар (1798/99 – 1809/10-жж.) хандыктын тарыхындагы бурулуш жылдар болгон, анткени Алим хандын мезгилинде Кокон ээлигинин саясий ролу күчөп, "Кокон хандыгы" деп атала баштаган. Ал миңдердин арасынан биринчи болуп өзүн расмий "хан" деп жарыялап, өз мезгилинин күчтүү монархиялык мамлекетин курууга киришкен. Максатын ишке ашыруу үчүн бийлигин борбордоштурууда таяныч боло турган тоолук тажиктерден – галчалардан турган жалданма аскерлерден армия түзгөнү, бийлигин бекемдеп, хандыктын аймагы эки эсеге кеңейткени жазылган.

Кутумчулардын колунан каза болгон Алим хандан кийин бийликке келген иниси (1809-1822-жж.) Омор хан басып алган аймактарга саясий бийлигин бекемдөө жана экономикалык таасирин күчөтүү үчүн коргондорду курдурган. 1817-ж. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымына Ак мечит (азыркы Кызыл-Ордо) чебин куруп, ал эми 1820-ж. Аулие –Ата (азыркы Жамбыл) шаарын негиздеген. Мамлекеттин экономикасы жөнгө салынып, казына байыган.

Аталган бөлүмдө Омор хандын баласы Мадалы хан башкарган жылдары (1822-1842-жж.) Кокон хандыгынын социалдык-экономикалык жана саясий жактан өнүккөн учур болгону, 1830-жж. Коконго Фергана өрөөнү толугу менен, Памир, Кожент, Жызак, Ташкент, Түштүк Казахстан, кыргыздар жашаган бардык аймактар, Кашкардын бир бөлүгү каратылганы баяндалат. Тышкы саясатта 1832-ж. Кокон – Пекин келишими чоң жеңиш болгону, бул келишимди түзүү үчүн делегацияны жетектеп Алымбек датка, элчилердин коопсуздугу үчүн аскердик кошуунду жетектеп Нүсүп бий баргандыгы белгиленет. Бул мезгилде Кокон хандыгынын территориясы кеңейип, жогорку чекке жеткен, бирок, ошол эле мезгилде хандыктын аймагы туруктуу чек арага ээ болбой, талаш аймактар хандыктардын ортосунда аморфтук мүнөзгө ээ болгон, деген тыянак жазылат. Аталган бөлүмдө Мадалы хан башкарган акыркы жылдары хандык бийликтин таасири кескин төмөндөгөнү көрсөтүлөт.

Изилдөөнүн **"Кокон хандыгынын этностук курамы"** деп аталган бөлүгүндө Кокон хандыгынын тарыхый-географиялык ядросун түзгөн Фергана өрөөнүнүн этникалык курамы жөнүндө алгачкы илимий маалымат теги венгр, француз этнологу Уйфальви де Мезо-Ковездге таандык. 1876-ж. жана 1887-жж. келген илимий экспедициянын жыйынтыгы менен жалпы 6 томдон турган "Французская научная экспедиция в Россию, Сибирь и Туркестан" деп аталган эмгеги жарык көргөн. Эмгектин «Ферగананын калкы» деп аталган бөлүмүндө Фергана өрөөнүндөгү элдердин этногенези, этногеографиясы жана калктын этникалык курамы каралган. Ал Фергана өрөөнүндө жашаган калктын көпчүлүк бөлүгү -түрдүү элдердин жана уруулардын узак мезгил аралыгындагы ассимиляциясынын натыйжасы экендигин белгилеп, Фергананын негизги калкын: каракыргыздар, кыпчактар, сарттар, өзбек-кыпчактар, сарт-өзбектер, үч типтеги тажиктер, каракалпактар, каракытайлар, кашкарлыктар, галчалар, түрктөр, цыгандар ошондой эле азыраак санда афгандар, перстер, индустар түзө тургандыгын көрсөткөн. Кокон хандыгынын аймагы эзелтеден этникалык татаал процесстер жүргөн аймактардын катарына кирип, орто кылымдардын эрте доорунан баштап иран, түрк, моңгол тилдүү маданияттардын жуурулушкан очокторунан болуп келгендигин окумуштуу О. Каратаев да "Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын этностук курамы" деп аталган макаласында: өрөөндүн аймагы отурукташкан жана көчмөн элдердин, тилдик чөйрөлөрдүн, түрдүү диний ишенимдердин, агымдардын кайчылашкан, синтездешкен, ар түрдүү этностордун ассимиляциялашып, аралашкан аренасына айланган аймак экендигин ырастайт.

XVIII к. Фергана өрөөнүнө көчмөндөр гана эмес түрдүү шарттардын натыйжасында отурукташкан элдердин да массалык миграциясы күч алган. 1717-ж. Самарканддан бир нече миңдеген адамдар (самарканди, кашгари, кухистани) көчүп келишкен. Тарыхый булактарда 1758-ж. Чыгыш Түркстанды Циндер басып

алгандан кийин 9 миң үй-бүлө уйгурлар көчүп келгендиги, жунгарлардын кысымынан каракалпактар, казахтар, түндүк кыргыздар, (1697-1723-жж.) жер которгондугу айтылат. Ал эми нарративдик булактарда Кокон хандыгынын этностук курамына сарттар, миңдер, жүздөр, кырктар, кыргыздар, кыпчактар, тажиктер, казахтар, түрктөр, түркмөндөр, каракалпактар, курамалар, кенегестер, калмактар, арабдар ж.б. уруулар менен этнонимдер белгиленген. Самаркандилер, кухистанилер, каратегиндиктер, вахандыктар, дарваздыктар, бадахшандыктар деп жашаган жерине карата айтылса, аскердик кызмат өтөгөн тоолук тажиктерди – галчалар деп аталганы баяндалган. Изилдөөлөр бул чөлкөмдө жыштыгы боюнча сарттар, кыпчактар жана кыргыздар алдыңкы орунда туруп, алардын Кокон хандыгындагы социалдык жана саясий ролу жогору болгондугун белгилейт.

**Миң уруусу жана «Алтын бешик» жөнүндөгү уламыш Кокон хандарынын бийлигинин легитимдүүлүк идеологиясы боюнча** Кокон хандыгынын саясий тарыхында тактоону талап кылган генеалогиясы каралды. Сарай тарыхчылары тарабынан жазылган эмгектерде: Мырза Каландар Исфараги жазган "Шахнама-йи Умар-хани", "Тухфат ат-таварих-и хани","Ансаб ас-салатин ва таварих ал-хавакин","Анджум ат - таварих", "Тарихи Фаргана" ж.б. кол жазмаларда Кокон хандары өздөрүнүн тегин "Алтын бешик" жөнүндөгү легенда менен байланыштырган миңдер династиясынын генеалогиясы баяндалат.

XVIII к. башында Фергана өрөөнүндө өздөрүнүн бийлигин легитимдештирүү максатында миң уруусунун өкүлдөрү тарабынан ойлонуп чыккан «Алтын бешик» уламышы дээрлик хандык жоюлганга чейин сакталган. Анын мааниси, Улуу Моголдор империясын негиздөөчү Бабур өзбектерден качып баратып, аялы төрөттөн каза болгондуктан, бешиктеги баласын калтырып кетүүгө аргасыз болгон. Асем буюмдары менен алтын бешикке бөлөнгөн баланы миң, кырк, кыпчак жана кыргыз көчмөн урууларынын башчылары таап алышкан. Алар наристе тектүү жердин тукумунан экендигин баамдап, ага «Алтын бешик» деп ат коюшкан. Ошентип, "миңдер Бабурдун тукумунан тараган" деген уламыш пайда болгон. Миңдердин "Алтын бешиктен" тарагандыгы жөнүндөгү уламышты ойлоп табуу зарылдыгы миңдер өздөрүнүн бийлигин мыйзамдаштыруу үчүн коомдук пикирди түзүү, жергиликтүү калктын алардын бийлигин таанып, кабыл алуусу, бийлигин легитимдештирүү максаты менен байланышкан. Ошондой эле өздөрүн ислам динин таркатуучу Пайгамбардын урпагыбыз дешкен "сейиддер жана кожолордун" (учурда Чадак кожолору) жергиликтүү калкка таасири күчтүү болгондуктан, алардын жерин басып алгандан кийин, саясий аренадан чыгарып салуу кыйынчылыкты туудурган. Натыйжада, тегин Чыңгыз ханга байланыштырган миңдер конкреттүү этнографиялык эмес, сословиялык группага кирсе да, жергиликтүү калктын социалдык, саясий жана диний турмушунда абдан чоң роль ойногон. Бул легенда Кокон хандыгында чыныгы догма жана императив (шексиз талап) катары кабыл алынып, бийлик кылууга укуктуулуктун "фатвасы" болгон, бул маселеге шектүү кароого эч ким батынган эмес. Натыйжада уламыш чындыкка айланып, калктын аң-сезимине сиңип, алардын жашоо мыйзамын аныктаган жана түпкү тегин хан деп атоого өздөрү батынбаган Тимуриддер аркылуу Чыңгыз ханга байланыштырган. Ошентип, "Алтын бешик" жөнүндөгү уламыш «хандык бийликти» бекемдеп, чайкоочулук түрдүү модификацияда колдонулуп, дээрлик хандык жоюлганга чейин күчүн жоготпой, мыйзамдуулугун сактоо үчүн негизги ресурс катары кызмат кылган.

Демек, Кокон хандыгындагы калктын этностук курамы бир жактуу каралып, толук изилденбегени чындык. Анткени совет доорундагы Кокон хандыгы жана этностор аралык мамилелер жөнүндө изилденген эмгектерде: "эзүүчүлөргө каршы эмгекчилердин таптык тилектештигине жана достук мамилелердин башатын аныктоого, түрдүү элдердин жана этникалык тайпалардын интернационалдык кызматташуусуна» негизги көңүл буруп, "хандыктын калкын өзбектер, тажиктер, кыргыздар жана казактар түзгөн" деген көрсөтмө таңууланган.

Демек, биздин оюбузча, Кокон хандыгынын өзгөчөлүгү, жоюлганга чейин уруулук деңгээлде сакталып, титулдук улуту жок мамлекет болгондугунда. Хандык мамлекет деп аталган Европалык классикалык түшүнүктөн алыс болуп, Азиянын менталитетине негизделген башкаруунун өзгөчөлөнгөн формасына ээ болгон.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы:**

 Кокон хандыгынын доорунда жазылган нарративдик булактар жана З. Максымдын «Фаргана хандарынын тарыхы» деп аталган эмгеги тарыхый булак катары биринчи жолу талдоого алынды.

 Кокон хандыгынын генезиси – калыптануу жана өнүгүү процессиндеги өзгөчөлүгү талдоого алынып, мамлекеттин ички функцияларын толук аткарууга алсыздыгынын себеби изилденип, калктын этникалык курамы аныкталды.

 Миң династиясынын бийлигин "легитимдештирүү" маселеси талдоого алынып, "Алтын бешик" уламышы Кокон хандарынын бийлигин мыйзамдаштыруу максатында ойлоп табылган идеология экендиги ырасталды.

 Кокон хандыгынын мамлекет катары калыптануу процессинин бир кылымга жакын убакытты (1709 – 1800-жж.) камтыганы анын тарыхый өзгөчөлүгү экендиги белгиленди.

 Кокон хандыгындагы кыргыз төбөлдөрүнүн тарыхый орду комплекстүү изилденип, XVIII к. жашаган Акбото бий, Кубат бий, Ажы бийдин саясий ишмердиги талдоого алынды.

 XIX к. мамлекеттик ишмерлер Нүсүп миңбашы, Алымбек датканын саясий, мамлекеттик, чарбалык ишмердиктери изилденди, Алымкул лашкер башынын Россия баскынчылыгынан Ташкентти коргоодогу ролу көрсөтүлдү.

 1832-ж. Пекинде Алымбек датка түзгөн келишимдин натыйжасында Кокон хандыгы Чыгыш Түркстандагы соодагерлерден салык алуу укугуна ээ болгону жана хандыктын Чыгыш Түркстанда таасири өскөндүгү белгиленди.

 Хандык улуттардын биримдиги эмес, уруулук деңгээлдеги биримдик болгондугу такталды. Бул мамлекет деп аталган европалык классикалык түшүнүктөн алыс экендигинен, алар азиянын менталитетине негизделген башкаруунун өзгөчөлөнгөн формасы болгондугу тастыкталды.

 Кокон хандыгындагы кыргыз уруу төбөлдөрүнүн саясий ишмердигин, кыргыздардын хандыктын социалдык-экономикалык жана саясий турмушундагы ордун изилдөөнүн натыйжасында, Кокон хандыгы Орто Азияда жашаган этникалык топтордун орток хандыгы экендиги жөнүндөгү илимий көз караш аныкталды.

 Илимий изилдөөнүн булактык базасында нарративдик булактарды классификациялоо олуттуу маселе болуп саналат. Нарративдик булактарды, оозеки тарыхты илимий айлампада колдонуу тарых илиминин толукталып өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп, заманбап методологиялык принциптерди колдонуу менен анализдөөгө муктаж.

 Кокон хандыгынын мамлекет катары калыптануусундагы (1709 – 1800-жж.) өзгөчөлүк: түптөлүү доору бир кылымга жакын убакытты камтыган, мамлекеттин ички функцияларын толук кандуу аткарууга алсыз болгон. Хандыкты башкаруу улуттук эмес, уруулук түзүлүштүн деңгээлинде болгон. Бул мамлекет деп аталган европалык классикалык түшүнүктөн алыс экендигинен, азиянын менталитетине негизделген башкаруунун өзгөчөлөнгөн формасы болгондугунан кабар берет.

 Кокон хандыгынын түптөлүү доорундагы башкы саясий-идеологиялык маселе хандык бийликти легитимдештирүү (мыйзамдаштыруу) болгон. Кокон хандыгында Омор хан башкарган (1809–1822-жж.) мезгилден баштап, "Алтын бешик" уламышына байланышкан идеологиялык негиз түзүлгөн. Бул уламыш жана миң династиясынын "легитимдүүлүгү маселеси" идеологиялык курал катары түрдүү модификацияда колдонулган.

 Кокон мамлекетинин бийлик аренасында кыргыз төбөлдөрү, Кокон хандыгынын түптөлүү доорунда (1709–1800-жж.) Акбото бий, Ажы бий, Кубат бий, өнүгүү доорунда (1800–1840-жж.) жана кризистер мезгилинде (1840-1876-жж.) Нүсүп миңбашы, Алымбек датка, Алымкул лашкер башы, Курманжан датка, Искак Асан уулу Полот хан жана Абдылдабек олуттуу роль ойногон.

Натыйжада Кокон хандыгынын улуттук макамын көрсөткөн белгилерди тактоонун негизинде, анын азыркы улуттук номенклатурага ээ болгон өзбектердин, кыргыздардын жана тажиктердин орток хандыгы болгондугу жана кыргыз элинин өтмүшүндөгү 167 жыл мезгилди камтыган доор Кокон хандыгы "жаңы доордогу кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы" деген тыянакка негиз болот

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бейсембиев Т.К. «Кокандская историография. Исследование по источниковедению Ср. Азии XVIII – XIX вв. - Алматы: ТОО «Print-S»,2009. 70-б.
2. Омурзакова, Т. Этническая карта Кокандского ханства (история и тенденции) [Text] / Т. Омурзакова // European J.l of Humanities and Social Sciences. – 2016. – № 9/10. – P. 3-6.
3. Джамгерчинов Б. Очерки политичической истории Киргизии XIX века. -Ф. "Кыргызстан", 1966. - 395-бет
4. Омурзакова, Т. Роль кыргызских родоправителей в Кокандском ханстве [Текст] / Т. Омурзакова // Рос. наука и образования сегодня: проблемы и перспективы». – 2019. – № 2 (27). – С. 1 – 6.
5. Омурзакова, Т. Термин "сарт" в исторических источниках Кокандского ханства [Текст] / Т. Омурзакова // Духовная ситуация времени. Россия XX век. – 2019. – № 2 (17). – С. 1 – 5.
6. Омурзакова, Т. Патриотизм – как наследие (на примере кыргызских родоправителей в Кокандском ханстве) [Текст] / Т. Омурзакова // Территория науки (Воронеж). – 2018. – № 6. – С. 5 – 12.
7. Кун А. Некоторые сведения о Ферганской долине. Военный сборник 1876, Т.108. 2 часть, № 3,4, март, апрель.
8. Омурзакова, Т. Курманжан Датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк [Текст]: моногр. / Т. Омурзакова. – 2-е изд. – Бишкек: Макспринт, 2015. – 264 с.
9. Омурзакова,Т. Turkistan tarihinde bir kadin kahraman Kurmanjan datka
10. Tarih hirsizlari [Text] / Т. Омурзакова // Yedikita. – 2010. – N 20. – P. 14–21.